КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ
И КОММЕРЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

18 окт. 2023 ж. № 133 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө болгон бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө

"Баа түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6 жана 10-беренелерине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы № 455 "Социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" токтомуна ылайык көмүргө баанын өсүшүнө жол бербөө, калкка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 250 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө Жобонун 12-пунктунун 1-пунктчасына ылайык **буйрук кылам:**

1. 2023-жылдын 25-октябрынан тартып Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө болгон бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу максималдуу бааларды белгилөө менен 90 календардык күндүк мөөнөткө киргизилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы № 455 токтому менен бекитилген социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу тартибине ылайык мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо боюнча чараларды көрсүн.
3. Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана баа түзүү башкармалыгы ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен:
- ушул буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына аткаруу үчүн жөнөтсүн;
- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий сайтына таанышуу үчүн жарыяласын;
- ушул буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жиберсин.
4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин монополияга каршы саясат маселелери боюнча орун басарына жүктөлсүн.

## О введении временного государственного регулирования цен на уголь на территории Кыргызской Республики

В целях недопущения роста цен на уголь, обеспечения их ценовой доступности для населения в соответствии со статьями 6 и 10 Закона Кыргызской Республики «О

001870

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ценообразовании» и с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О государственном регулировании цен на социально значимые товары» от 8 сентября 2023 года № 455, также в соответствии с подпунктом 1 пункта 12 Положения о Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 250 **приказываю:**

1. Ввести с 25 октября 2023 года временное государственное регулирование цен на уголь на территории Кыргызской Республики сроком на 90 календарных дней с установлением максимальных цен.

2. Службе антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики принять меры по государственному регулированию и контролю в соответствии с Порядком государственного регулирования цен на социально значимые товары, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 сентября 2023 года № 455.

3. Управлению антимонопольной политики, развитию конкуренции и ценообразования не позднее трех дней с даты вступления в силу настоящего приказа:

- направить копию настоящего приказа в Службу антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики для исполнения;
- опубликовать настоящий приказ на официальном сайте Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики для ознакомления;
- направить копию настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра курирующий вопросы антимонопольной политики.

**Министр** **Д.Дж. Амангельдиев**

*(Министр жок учурунда министрдин орун басары* *И.Э. Асылкулов)*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Макулдашылды:

| | |
|---|---|
| Министрдин биринчи орун басары | Ч.С. Сейитов |
| Министрдин орун басары | Ч.Д. Макешов |
| Министрдин орун басары | Н.К. Малаев |
| Укуктук колдоо жана экспертизалоо башкармалыгынын начальниги | А.С. Айдаров |
| Монополияга каршы саясат, атаандаштыкты өнүктүрүү жана баа түзүү башкармалыгынын начальниги | А.Т. Кожомбердиева |
| Иш-кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмүнүн башчысы | С.А. Садыкова |
| Аткаруучу | Н.А. Алыкулова |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН